**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы**
723600 Ош обл. Өзгөн ш., Манас к.
ИНН: 02607201710137 ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерциялык Банк Кыргызстана"
э/э 1032120000505443 БИК 103021

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**Ассоциация медицинских колледжей Кыргызстана**
723600 Ош обл. г. Узген ул. Манас
ИНН: 02607201710137 ОКПО: 30028220
ОАО "Коммерческий Банк Кыргызстан"
р/с 1032120000505443 БИК 103021

**KYRGYZ REPUBLIC**
**Association of Kyrgyz medical colleges**
723600 Osh region Uzgen city st.Manas
PIN: 02607201710137 ОКПО: 30028220
ОАО "Commercial Bank Kyrgyzstan"
р/а 1032120000505443 BIC 103021

Рег.17-25 18.07.2025

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо
министри Э.М. Чечейбаевге
Кыргызстандагы медициналык колледждердин
ассоциациясынын төрагасы Ө.Т.Станбаевден

КАЙРЫЛУУ

Урматтуу Эркин Маратович!

Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы Сизге кайрылып, орто кесиптик медициналык билим берүүчү мекемелерге 2025–2026-окуу жылына карата бюджеттик орундарды бөлүштүрүүдө колдонулган жоболор жана критерийлер тууралуу так маалымат берип коюшуңузду өтүнөт.

Биздин тынчсыздануубуз төмөнкү жагдайларга байланыштуу:

- Кыргызстандагы эң алыскы аймактардын бири болгон Баткен облусунда орто кесиптик медициналык кадрларды даярдоо боюнча жалгыз мекеме Кызыл-Кыя медициналык колледжи болуп калууда;
- Нарын облусу бийик тоолуу жана аба-ырайы катаал шартта жайгашкан, бул аймакты медициналык кадрлар менен камсыздоо өзгөчө мааниге ээ;
- Талас медициналык колледжи — Талас облусундагы жалгыз медициналык орто кесиптик билим берүүчү окуу жай.
- Жогорудагы колледждерге бюджеттик орундар кыскартылып, анын ордуна ири шаарларда жайгашкан колледждерге бюджеттик орундардын көбөйтүлүшү — региондордун кызыкчылыгына каршы келген негизсиз чечим катары бааланууда.

Бул абал аймактардагы ички миграциянын күчөшүнө, ошондой эле шаарга келүүгө шарты жок, аз камсыз болгон жана көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарынын билим алуу мүмкүнчүлүгүн чектөөгө алып келет.

Ушуга байланыштуу, Сизден бюджеттик орундардын бөлүштүрүлүшүнүн негиздүүлүгүн кайрадан карап чыгууңузду жана региондорду колдоо багытында кайра кароо маселесин көтөрүүңүздү өтүнөбүз.

Сиздин түшүнүүңүзгө жана конструктивдүү мамилеңизге терең ишеним билдиребиз.

Урматтоо менен,
Кыргызстандагы медициналык
колледждердин ассоциациясынын төрагасы: Станбаев Ө.Т.

Биздин реквизиттер:
тел.: 0773 682986, 0553682986
email: kmka17@mail.ru